| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 10-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №75**

**30-октябрь 2025-жыл** **Семетей а.**

**Китепканалар жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-июлундагы №624-т тескемесин жана Манас райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 15-августундагы №180 тескемесин угуп, талкуулап, Семетей айыл аймагынын айылдык кеңеши

**токтом кылат:**

**1.** Семетей айыл аймагында жайгашкан (Кайынды, Арал, Кара-Арча, Жайылган, Бала-Саруу) китепканалар сактоого калтырылсын.

**2.** Китепканалар боюнча толук инвентаризация жүргүзүлүп, китеп фонддорун сактоо, тартипке келтирүү жана эсепке алуу иштерин жүргүзүү жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго милдеттендирилсин.

**3.** Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басары У.Джаназаковага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 10-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №76**

**30-октябрь 2025-жыл** **Семетей а.**

**Башкы план жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу архитектура курулуш жана турак жай,комуналдык чарба мамлекеттик агенттигине караштуу Шаар куруу жана архитектура департаментинин, Семетей айыл өкмөтүнө караштуу Семетей, Сөгөт, Арал, Кара-Арча, Кайынды, Бала-Саруу, Жайылган айылдарынын башкы пландарынын долбоорун бекитүү жөнүндө сунушун угуп, талкуулап, Семетей айыл аймагынын айылдык кеңеши

**токтом кылат:**

**1.** Семетей айыл аймагында жайгашкан Семетей, Сөгөт, Кайыңды, Арал, Кара-Арча, Жайылган, Бала-Саруу айылдарынын башкы пландарынын долбоору бекитилсин.

**2.** Тийиштүү документтерди даярдап, жыйынтыктоо жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго милдеттендирилсин.

**3.** Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 1-чакырылышынын 10-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №77**

**30-октябрь 2025-жыл** **Семетей а.**

**Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрдү көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 токтомуна ылайык, Семетей айыл аймагында көмүү жайларын тартипке келтирүү жана каттоо системасын жөнгө салуу максатында айылдык кеңеш талкуулап

**токтом кылат:**

1. Семетей айыл аймагында көрүстөндөрдү көмүү жайларын брондоо жана эсепке алуу тартиби бекитилсин жана аткарууга алынсын.

2. Семетей айыл аймагында көрүстөндөрдө (мүрзөлөрдү) инвентаризациялоо жана алардын каттоо реестирин жүргүзүү боюнча иштерди күчөтүшсүн.

3. Көрүстөндөрдү күтүү жана тазалык иштерин уюштуруу айылдын имамдарына милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айыл чарба жана муниципалдык менчик боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Т.У.Джапаркулов

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 10-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №78**

**30-октябрь 2025-жыл** **Семетей а.**

***« Жер категориясын которууга макулдук берүү жөнүндө»***

Семетей айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 29-январындагы №01-11/57 номерлүү кайрылуусунда көрсөтүлгөн, Семетей айыл аймагына караштуу Бала-Саруу айылынын чыгыш тарабынан №1197-контурдагы 33,8га, №1199-контурдагы 0,60га №1227-контурдагы 0,90га, №1228-контурдагы 14,7га жер жалпысынан 50,0га айдоо жерин Манас райондук суу чарба башкармалыгына тамчылатып суугаруу системасын орнотууга пайдаланууга берүү тууралуу кайрылуусун карап, Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 21-беренесинин "Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө жергиликтүү кеңештердин компетенциясы" ылайык, Семетей айыл аймагынын айылдык кеңеши талкуулап

**токтом кылат:**

**1.** Семетей айыл аймагына караштуу Бала-Саруу айылынын чыгыш тарабынан №1197-контурдагы 33,8га, №1199-контурдагы 0,60га №1227-контурдагы 0,90га, №1228-контурдагы 14,7га жер жалпысынан 50,0га айдоо жерин Манас райондук суу чарба башкармалыгына тамчылатып суугаруу системасын орнотууга пайдаланууга берүүгө макулдук берилсин.

**2.** Жогорудагы жер аянтына тиешелүү мамлекеттик акты жасалып, аймактын жарандарын сугат суу менен камсыз кылуу жагына пайдаланылсын.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 10-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №79**

**30-октябрь 2025-жыл** **Акча каражаты жөнүндө** **Семетей а.**

Семетей айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджетке түшкөн салыктарды тактоо аркылуу акча каражаттын киреше жана чыгаша бөлүмдөрүнө бекитүү үчүн

**токтом кылат:**

**2.** 2025- жылдын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнө 11122200 элементинен – патенттин негизинде салык – 450,5 мин сом, 11311100 элементинен - турак имаратка же жайга мүлк салыгы 68,0 миң сом, 11311200 элементинен - турак эмес имаратка жана жайга мүлк салыгы – 40,7 мин сом, 11321100 элементинен – үйдүн жанындагы жер, короо-жай жана балбанчылык-чарбак участокторуна мүлк салыгы – 215,7 миң сом, 11321300 элементинен - калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытындагы болбогон жерлерге мүлк салыгы – 238,1 миң сом, 14152900 элементинен - жаратылыш активдердин пайдалануу үчүн дагы башка төлөмдөр – 10,3 миң сом, 14211200- элементинен муниципиалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын, курулмалардын, жабдуулардын жана техникалардын ижара акысы – 47,3 мин сом, 11462310 – элементинен жер казынасын пайдалануу үчүн салыктар – 124,0 мин сом, 14224200-элементи калктуу конуштардын таштандысы – 1,4 мин сом ашыкча түшкөндүктөн жана баардык жалпы 1196,0 мин сом киреше бөлүмүнө такталып отургузулсун.

| **Бөлүм** | **Берене** | **Аталышы башка тейлөө кызматтарын алууга** | **Суммасы** |
|---|---|---|---|
| 70111 | 2211 | Иш сапарына | 25,0 миң сом |
| 70111 | 2215 | Ар кандай чыгымдарга | 263,3 миң сом |
| 70111 | 2222 | Арал таза суусуна насос | 124,1 мин сом |
| 70111 | 3112 | Машина жана жабдуулар | 728,0 мин сом |
| 70911 | 2222 | Жабдууларды материалдарды сатып алууга | 55, 6 миң сом |
| | **Жалпысы:** | | **1196,0 мин сом.** |

1. 2025-жылдын 14224410-элементинен алкоголдук продукцияны сатууда лицензия алган субъекттердин этил спиртин жана жүгүртүү боюнча ишти жүзөгө ашыруу үчүн жыйым, киреше бөлүмүнөн - 10,0 миң сом акча каражаты кыскартылып жана план аткарылбагандыктан 70921- бөлүмүнөн 2224 - беренесинен -10 миң сом кыскартылсын.

2. 2025-жылдын бекитилген бюджеттен 70223 бөлүмүнөн өзгөчө кырдаалдан 2215 беренеден 2222 беренеге – 205000 миң сомду зарылчылык болгондуктан жылдырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**МАНАС РАЙОНУ**<br>**СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**МАНАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**СЕМЕТЕЙСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 10-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №80**

**30-октябрь 2025-жыл** **Семетей а.**

**Республикалык бюджеттен түшкөн максаттуу трансферттердин жана транспорт каражатынын мүлк салыгы жөнүндө**

Семетей айылдык аймагынын айыл өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-ноябрындагы №1024-т тескемесинин негизинде жергиликтүү бюджетке түшкөн салыктарды тактоо аркылуу акча каражатын киреше жана чыгаша бөлүмдөрүнө бекитүү үчүн

**токтом кылат:**

1. 2025- жылдын жергиликтүү бюджеттердин түшпөй калган кирешелеринин ордун толтурууга республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге максаттуу трансферттер түрүндө 1522,5 мин сом (бир миллион беш жүз жыйырма эки миң беш жүз) сом жана транспорт каражаттарына мүлк салыгы боюнча 1968,9 мин сом , жалпы баардыгы 3491,4 (үч миллион төрт жүз токсон бир миң төрт жүз) сом киреше жана чыгаша бөлүмдөрүнө такталып отургузулсун.

| Бөлүм | Берене | Аталышы башка тейлөө кызматтарын алууга | Суммасы |
|---|---|---|---|
| 70111 | 2215 | Ар кандай чыгымдар | 3256,4 миң сом |
| 70911 | 3112 | Видеокамера коюу “Бакыт” бала бакчасына. | 135,0 миң сом |
| 70862 | 2215 | Көк бөрү оюнуна | 100,0 миң сом |
| | **Жалпысы:** | | **3491,4 мин сом.** |

2. Тескеменин негизинде 2025-жылдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жана социалдык чөйрөнүн мекемелеринде тейлөө менен алектенген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдык кызматтык маяналарына эселөө коэффициенттеринин жогорлатууга республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге максаттуу трансферттер түрүндө 176,2 миң сом акча каражаттары төмөндөгүлөргө берилсин:

| | |
|---|---|
| Аппараттан | 2111 беренесине – 39,3 мин сом, |
| | 2121 беренесине – 5,6 мин сом, |
| Мадания үйү | 2111 беренесине – 50,7 мин сом, |
| | 2121 беренесине – 8,8 мин сом, |
| Бала бакча “Алтын Келечек” | 2111 беренесине – 61,2 мин сом, |
| | 2121 беренесине – 10,6 мин сом. |

**3.** Иш алып баруу жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 10-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №81**

**30-октябрь 2025-жыл** **Семетей а.**

**Спорт оюндары жөнүндө**

Семетей айыл аймагынын жаш спортчуларын колдоо максатында акча каражатын бөлүп берүү жөнүндөгү Семетей айылдык кенешинин депутаттарынын кайрылуусун айылдык кеңеш карап, талкуулап, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 27-беренесинин негизинде

**токтом кылат:**

**1**. Семетей айыл аймагынын жаш спортчуларын колдоп, шарт түзүү максатында жергиликтүү бюджеттин эсебинен 100 000 сом акча каражаты бөлүнсүн.

**2.** Т.Мазиевдин турнирине жергиликтүү бюджеттин эсебинен 50 000 сом акча каражаты бөлүнсүн.

**3.** Иш алып баруу жагы Семетей айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы З.Шабданбековага милдеттендирилсин.

**4.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**